**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов коч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1003/1 2018 жылдын «02» августу

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мекемелеринде окуу китептерин ижарага берүүнү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 24-июнундагы № 341 «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Жаңы китеп» мекемесин түзүү жөнүндө» токтомун аткаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарын окуу адабияты, окутуу колдонмо куралдары менен камсыздалышын жакшыртуу максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүү боюнча көрсөтмөсү (1-тиркеме);
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүүнү киргизүү графиги (2-тиркеме);
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүүнүн акысын аныктоо боюнча методикасы (3-тиркеме);
- 2018-2019- окуу жылына ижарага бериле турган окуу китептеринин тизмеси (4-тиркеме).

2. 2018-2019- окуу жылына төмөнкүлөр белгиленсин:

- окуу китептерин ижарага берүүнүн акысы 25 сом өлчөмүндө;
- окуу китептеринин ижара акысын төлөө мөөнөтү 30-ноябрдан кеч эмес.

3. Мектепке чейинки, мектеп жана мектептен тышкары билим берүү башкармалыгы (М.Ж. Усеналиев) жана “Секторду өнүктүрүү долбоору: билим берүү системасын бекемдөө” долбоорун ишке ашыруучу бөлүмү (Ж.С. Узбекова) окуу китептерин ижарага берүүнүн максаттары жөнүндө элдин арасында түшүндүрүү маалымат кампаниясын жүргүзсүн.

4. “Билим берүү тармагында реформаларды колдоо” Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу / координациялоо бөлүмү

(А.Р. Айнекенова) 2018- жылдын сентябрына чейин бардык мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү мекемелеринин 5-6-класстарын ижарага бериле турган жаңы окуу китептери менен камсыздоону бүтүрсүн.

5. "Секторду өнүктүрүү долбоору: билим берүү системасын бекемдөө" Азия өнүктүрүү банктын долбоорун ишке ашыруучу бөлүмү (Ж.С. Узбекова) ушул буйрукту ар бир жалпы билим берүү уюмуна 1 нускадан тираждап чыгарып жана аларды райондук (шаардык) бөлүмдөргө (башкармалыктарга) жеткирүүнү камсыз кылсын.

6. Райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрдүн (башкармалыктарынын) жетекчилерине жана жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна 2018-2019- окуу жылдын башталышынан тартып окуу китептерин ижарага берүүнү киргизүү боюнча бардык даярдык иш-аракеттерди өткөрсүн, ошонун ичинде окуучулардын ата-энелеринин жана мыйзамдык өкүлдөрүнүн арасында маалымат берүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

7. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017- жылдын 16-октябрындагы №1300/1 "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүүнү этап менен киргизүү жөнүндө" буйруктун 1-2-пункттары;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017- жылдын 14-ноябрындагы № 1377/1 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017- жылдын 16-октябрындагы №1300/1 Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүүнү этап менен киргизүү жөнүндө буйругуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндөгү" буйругунун 1-2-пункттары;

8. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**О внедрении аренды учебников в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики**

Во исполнение постановления Правительства Кыргызской Республики «О создании учреждения «Жаңы китеп» Министерства образования и науки Кыргызской Республики» от 24 июня 2018 года № 341, в целях улучшения обеспеченности общеобразовательных организаций Кыргызской Республики учебной литературой, учебными пособиями

**ПРИКАЗЫВАЮ:**

1. Утвердить:

- руководство по аренде учебников в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики (приложение 1);